**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

**Сабактын темасы: " Жети аке – Жетиген жети жылдыз"**

**Сабактын максаты:**

1. Жети аке жөнүндө сабак өтүү процессинде окуучулар темага байланыштуу билимдерге ээ болушат;
2. Жети акенин накыл кептеринин маанисинин терeңдигиндеги түшүнүктөрдү жашоо-турмушта өздөштүрүшөт, алган билимдерин практикада колдонуп ишке ашырышат;
3. Окуучуларды бабаларыбыздын накыл кептери аркылуу адеп-ахлакка, ыймандуулукка, бабалардын басып өткөн тарыхын унутпай муундан-муунга өткөрүүгө тарбиялоо.

**Көрсөткүчтөр:**

- Жогорудагы максаттар ишке ашат эгерде:
- Жети акенин таалим сөздөрүн түшүнө алса;
- Окуялардын негиздерин бөлүп алып, аларды анализдеп, оюн түшүндүрө алса;
- Окуянын себебин жана натыйжасын көрсөтө алса;

**Сабактын формасы**: Сахна-сабак.

**Колдонулган ыкма:** топторго бөлүү, талкуу жүргүзүү;

**Сабактын жабдылышы**: слайд, сүрөттөр, накыл кептер жазылган барактар, ватман ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Сахна карангы, "Кыргыз көчү" күүсү угулуп, сахнага акырындык менен шоола түшө баштайт, акырындап диктафондон алып баруучулардын сөздөрү айтыла баштайт.

**1-алып баруучу:**

Кыргыз көчү татаалданган жол баскан
Нечендеген белес-белес тоо баскан
Кыргыз көчү урпактардан уланган,
Кыргыз көчү кылым нечен куралган

**2-алып баруучу:**

Өткөн экен заманында жети аке,
Көл элинде нарктуу барктуу болгон эле,
Көч башында уюлгуган турмушта,
Өмүрүнүн кырчын кези беле.

**1-алып баруучу:**

Алтынды катсан дагы жер алдына,
Акылды ката албайсын жиндеп гана.
Акылды буй кылышкан Акелерин,
Элиме энчиледи эми кайра.

**Сахнанын арт жагынан акелер биринин артынан бири акырындап көрүнүп орун ала баштайт.**

**2-алып баруучу:**

Баргын дейт, бата сурап Мойт акеге
Акылды сурасан сен Сарт акеге
Сабырдуу болом десен Садырдай бол,
Калысты жарып келген Карач аке

**1-алып баруучу:**

Башымды ийем арбагы ыйык аталар,
Арбагыңар болбосо экен кападар.
Кечиримдүү болосуңар, а балким,
Айтканымдан кокус кетсе каталар.

**2 алып баруучу:**

Жетөөнүн жолун башка айта келсен,
Калкына кызмат өтөп өлбөс терең.
Ошондой кыйын күндөн майтарылбас,
Акелер кайтып келди бүгүн бизге.

**Сахна караңгы болуп, акырындык менен колдоруна чырак кармаган кыздар чырактарын жерге коюшуп, сахнадан чыгып кетишет. ”Көкөй кести” күүсү угулат. Сахнага бир-бирден Жети аке келип чырактын ары жагындагы шырдактын үстүнө олтурушат.**

**КАРГА аке (жай сөз баштады):**

Кыргыздар-насилинен акылман, жоокер калк. Ушул жерде отургандарыңар аалам жашоо-тиричилик, элге наасат, осуят айтып, көңүлүн эргитип, оюн байытып келгенсиңер. Ниет-тилегин тазартып, адамды ак жолго салып, улуу хандарды, жоолашкан жоолорду, калыстыктан тайган журт башчыларын, толкуган элди алгыдай накыл кептериңер менен ата-бабаларыңардын арбагын сыйлоо парз экенин, эчен мезгилден элибиздин тарыхына кайрылып, элибиздин келечегин, тагдырын, турмуш сабагын сөз менен да, ыр менен да куйулуштура сүйлөп, адамды ынандырып келдиңер эле, ынтымакка чакырдыңар эле.

Бүгүн болсо тынч жаткан арбактарыбыз козголуп, элден ынтымак журт башчыларынан калыстык тайып, улууну кичүү сыйлабай, нарк-насибибизге

доо кетип, жаштарыбыз каныбызга синген динден безип, кошоматчылык, ушак-айың күчөп бул заман кандай болуп кетер экен деп, эртеңки жашоого күмөн санаган журт, кыйналып, көкүрөктөрүнө булүк түшкөн учур келгенсийт. Кана, акелерим, арбагыбыз козголуп, кайрадан минтип баш кошуп отурганда элибизге накыл кебиңерди айтып, кайрылып көргүлөчү"

**МОЙТ аке: "**Акелердин улуусу катары сөз баштап, акылынызды ортого салдыныз. Сизден кийинки катарда улуулугу боюнча мен экенмин сөз учугун мен баштайын.

-Адилеттүүлүк-жашоонун туткасы. Адилеттүүлүк болбосо, жашоонун оош-кыйышы көп болот. Адилеттүүлүк менен теңчилик эриш-аркак. Бул экөө болгон жерде ата салты бузулбайт, калыстык уялайт. Калыстык болмоюнча теңчилик жок, теңчилик болмоюнча, адилеттик жок. Мына ушуну эл билермандары бекем тутушу парз.

**ЖАЛПЫ:** Баракелде,баракелде

**КАРГА аке:** Кана Сарт аке адам баласы өз колунан келген кандай нерсени тутка, арка кылса болот?

**САРТ аке:** Суроонузга жооп берейин Карга аке. Жүрүш туруштун, кулк-мүнөздүн, пейилдин АЛЛА ТААЛА жолунан төп келиши жашоонун туткалуу өзөгүн түзөт.

Жүрүш-туруштун, кулк-мүнөздүн, пейилдин өзү адептүүлүк же адепсиздик менен бааланат. Адептүүлүк калк урматтоосуна алып баруучу айкын жол. Жалгыз адамды эмес, бүтүндөй калайыкты да башкарган-акыл. Акылдын кенчи: акылдуудан таалим алып, сезимтал, сергек болуу менен жашоо-тиричиликке байкоо жүргүзүү аркылуу, турмуш тажрыйбалардын топтомдору аркылуу байыйт, өсөт. Адепсиздик – өтө төмөндүк. Анын акыры жек көрүүчүлүккө, элден чыгууга алып келет. Адепсиз адамдын жамандыктан башка бирөөгө пайда келтирген учурун көрө албадым.

**ЖАЛПЫ БААРЫ:** Сөз эмес бекен.

**КАРГА аке**: Кана, Карач балам сөз кезеги сенде.

**КАРАЧ аке**: Сөзүмдү мен бийлик дегенден баштайын. Адамдын сынасаң бийлик берип сынап көр дейт. Бийлик деген-бийлик. Бийлик адилеттүү болсо, букаралар былк дебей баш ийет. Адилет башкаруу, адилет баш ийүү да-бактылуулук. Мындай бактылуулук канагаттанып жашоо деген эле сөз.

**ТИЛЕКМАТ аке**: Карач акемдин сөзүн мен улап кетейин. Биз кудайдын пендесибиз. Биздин жарык дүйнөгө келип кетүүбүз келгин куш сыяктуу убактылуу. Атаганат колдон келсе өмүрүбүздүн башынан аягына

чейин эненин сүтүндөй таза болсок кана! КУДАЙ жараткан бардык нерсеге өз жүрөгүбүздү ардактагыдай кылдат мамиле жасасак кана! Бардык адамды Кудайдын пендеси деп, тең тутуп ардактасак кана! Бардык жан-жаныбарладрын, өзгөчө адамдын убал-сообун ойлоп, КУДАЙ жолунан шек келтирбей аруу, жашасак кана! Арман ай! Арман! Көкүрөктө турат, бирок колдон келбеген нерсе көп. Ошондо да, колдон келбейт деп, аракетсиз жашоого болбойт. Аракеттенүү – пенде үчүн парз. Бузулганды түзөө, жаман ишти жакшы жакка өткөрүү – парз. Бири-бирибизге бел болуп, барды да, жокту да, кубанычты да, кайгылуу күндөрдө да эриш-аркак болуу парз.

Менин дилимдеги дитимдегилердин бардыгын калкым үчүн тартуу кыламын. Ошондуктан, мен өзүмдү, биринчи иретте, Кудайдын, экинчи иретте элимдин кулунумун деп эсептеймин. Мен калыс эмес, кыйкымчыл, ичи тар, өзүм дегенде колун ийе тарткан өкүмдарлар менен пейилим келишпейт, ымалам жуушпайт. Мен андайлардын бийлигин да, буйругун да да кабыл албайм (Адилетсиз өкүмдөр Зарыпбек болушка карата айтылган).

**ЖАЛПЫ БААРЫ:** Бали сөз эмес бекен!

**Карга аке**: Бул Садырдын тилинде мөөрү бар, тандайында сөөлү бар, оң жагында бөгүп жаткан бөрү бар деп эле эл айтат. Кана Садыр балам, сен эмне дейсиң?

**САДЫР аке:** Дүйнөдө жети жетим бар экен: Тыңшабаган сөз жетим, чөп чыкпаган жер, багылбаган мал, кемпири жок чал, бойго жетип эр албаган кыз, элинен кеткен эр, башчысы жок эл жетим дейт. Эл башчысы калыс, камкор, байды бай экен деп мактап, акимди данктап, жардыны жарды экен деп кемсинтпей бардыгына бирдей мамиле кылып, жакшысына сүйүнүп, жалганына күйүнүп, ата-балага бирдей болуп, калыс, таамайлуу тагдыр үчүн миң толгонуп, алыс жакынга, жакшы жаманга аралашып, ар кыл маселелерди, чыр-чатактарды чече билип, кеп кадырын сыйлап көтөрүмдүү болсун.

**КАРГА аке**: Кана, Кыдыр балам, баарынан кичүүсү өзүңсүң сенде кандай кеп бар?

**КЫДЫР аке:** Мен байлык жөнүндө айтайын. Адам ар кандай эмеспи. Негизи адам пейилинен табат. Короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы, үй толо дүнүйө болсо, бирок пейил тар болсо, дүйнөдө мындан жарды адам болбойт. Малдын түгү жок, үрүп чыгар ити жок, мыелогон мышыгы жок, сызга отурган жарды болсо, ошого карабастан жаратылышынан пейили кенен болсо, акыйкатта мындай адам – бай адам. Адам мал-жан күтсө, кенен пейилди кошо күтүү керек. Кээ бир адам байлык күткөн сайын дагы көбөйтөм деп алалектенет. Анын сарсанаасы көбөйтүүдө болуп, пейли тарып, сараң тартып калат. Сараң адамда ынак дос да, жанбирге тууган, эзилишип эришкен сөөк болбойт, жалгыздап калат. Мындан ашкан жардылык болобу.

**КАРГА аке: Б**али балам, сөзүңө береке. Эмесе сөзүбүздү аяктаар алдында калкыма ак батамды берип коёюн! (баары алакан жаят)

Эгемендүү элим аман болсун!
Ала-Тоо жеримде бейпил заман болсун!
Кырманыбыз кызыл данга толсун,
Ак дасторкон жайнаган нанга толсун,
Ханыбыз тактысы бекем болсун
Калкым бактысы менен болсун,
Карыялар акыл калчап, барктуу болсун!
Үйдун куту байбичелер нарктуу болсун
Кыргызымдын татынакай кыз-келини
Ыйбаа сактап, адептүү салтуу болсун!
Элимдин керегине жарап турган
Эр азамат жигиттери даңктуу болсун!
Ар кимдин ой-тилеги ишке ашсын,
Жашоодон өксүк болбой бакыт тапсын,
Ынтымак, ырыс кешик ар бир үйдө
Өмүрдүн өчпөс болуп шамы жансын!

**Жарык акырындап өчө баштайт. ”Көкөй кести” күүсү угулат.**

**АЛЫП БАРУУЧУ:**
Аталар сөз атасы, сөз батасы,
Акылдын чалкып жаткан океаны.
Көк-Теңир, түптүү ыйык жерди ээлеп,
Таркаган чаттарапка даназасы

**АЛЫП БАРУУЧУ:**
Тең ээрчип, үзөңгүлөш конуп баары,
Акелер ар бир доордун добулбасы.
Баш ийем касиетиңден кагылайын,
Жетиген жылдыз сымал ыйык наркы.

Эскертүү: ырлардын автору- Т. Жунушалиев.

**Окуучулардын талкуусуна коюлуучу суроолор:**

1. Акелердин арбактары козголуп, кайра элине кайрылууга эмне себеп болду?
2. Бүгүнкү күндүн жашоо турмушуна Акелердин накыл сөздөрү адамдарга таасир бере алабы?
3. Келечектеги урпактарга да Акелердин накылдарын улантып кетсе болобу?
4. Сабакка катышып олтурган окуучулар өз жашооңорго Акелердин акыл насааттары кандай таасир калтырды?

**Үйгө тапшырма**: "Жети акенин накыл сөздөрүнүн мениниин жашоомо тийгизген таасири" деген темада дилбаян жазуу.